Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

## Кыргыз Республикасынан минералдык жер семирткичтерди Евразия экономикалык биргилигинин бажы аймагынын чегинен тышкары ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынан Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен тышкары (эл аралык транзитти жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан көрсөтүлүүчү гуманитардык жардамды кошпогондо) минералдык жер семирткичтерди ташып чыгууга (экспорттоого) алты айлык мөөнөткө, ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып 5 күн өткөндөн кийин киргизилүүчү убактылуу тыюу салуу тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги:

– ушул токтомдун күчүнө кирген күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен, 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө Евразия экономикалык комиссиясына жана Дүйнөлүк Соода Уюмунун Катчылыгына белгиленген тартипте кабарласын;

– ушул токтомго ылайык Дүйнөлүк соода уюмунун Коргоо чаралары боюнча комитетине Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан тышкы соода ишин жөнгө салуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

3. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда аталган убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда аталган минералдык жер семирткичтердин

айрым түрлөрүн мыйзамсыз ташып чыгууга (экспорттоого) бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

5. “Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен Кыргыз Республикасынан минералдык жер семирткичтерди ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 7 жумушчу күндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба Министри А.С. Джаныбеков
2022-ж “__”__________

Тиркеме

## Минералдык жер семирткичтердин тизмеси

| ТЭИ ТН коду | Позициялардын аталышы |
|---|---|
| 3101 00 000 0 | Жаныбарлардан же өсүмдүктөрдөн алынган жер семирткичтер, аралашкан же аралашпаган, химиялык жол менен иштетилген же иштетилбеген; өсүмдүктөрдөн же жаныбарлардан алынган продуктуларды аралаштыруу же химиялык иштетүү жолу менен алынган жер семирткичтер |
| 3102 | Минералдык же химиялык жер семирткичтер, азоттук: |
| 3102 10 | -мочевина,анын ичинде суудагы эритмеде: |
| 3102 10 0 | мочевина, кургак суусуз продуктуга эсептегенде 45 мас. % дан ашык азоту бар |
| 3102 10 900 0 | башкалар |
| | – аммоний сульфаты; кош туздар жана аммоний сульфаты менен аммоний нитратынын аралашмалары: |
| 3102 21 000 0 | Аммоний сульфаты; |
| 3102 29 000 0 | башкалар |
| 3102 30 | – аммоний нитраты, анын ичинде суудагы эритмеде: |
| 3102 30 100 0 | суудагы эритмеде |
| 3102 30 900 0 | башкалар |
| 3102 40 | -аммиак нитратынын кальций карбонаты же жер семирткич болуп эсептелбеген башка органикалык эмес затттар менен аралашмалары: |
| 3102 40 100 0 | 28 мас. % дан ашык эмес азоту бар |
| 3102 40 900 0 | 28 мас. % дан ашык азоту бар |
| 3102 50 000 0 | -натрий нитраты |
| 3102 60 000 0 | -кош туздар жана кальцийдин нитраты менен аммоний нитратынын аралашмалары |
| 3102 80 000 0 | -мочевина менен аммоний нитратынын суудагы же аммиактуу эритмедеги аралашмалары |
| 3102 90 000 0 | – башкалар, анын ичинде мурунку субпозицияларда аталбаган аралашмалар |
| 3103 | Минералдык же химиялык жер семирткичтер, фосфордук: |

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба Министри — А.С. Джаныбеков

2022-ж “__”__________

| | |
|---|---|
| | – суперфосфаттар: |
| 3103 11 000 0 | 35 мас. % жана андан ашык дифосфор пентаоксиди (P2O5) бар |
| 3103 19 000 0 | башкалар |
| 3103 90 000 0 | -башкалар |
| 3104 | Минералдык же химиялык жер семирткичтер, калийдик: |
| 3104 20 | -калий хлориди |
| 3104 20 100 0 | Кургак суусуз продукт эсебинде $K_2O$ го эсептегенде 40 мас. % дан ашык эмес калийи бар |
| 3104 20 500 0 | Кургак суусуз продукт эсебинде $K_2O$ го эсептегенде 40 мас. % дан ашык, бирок 62 мас. % дан ашык эмес калийи бар |
| 3104 20 900 0 | Кургак суусуз продукт эсебинде $K_2O$ го эсептегенде 62 мас. % дан ашык калийи бар |
| 3104 30 000 0 | -калий сульфаты |
| 3104 90 000 | -башкалар |
| 3104 90 000 1 | карналлит |
| 3104 90 000 9 | башкалар |
| 3105 | Эки же үч авзыктандыруучу элемент: азот, фосфор жана калий камтылган минералдык же химиялык жер семирткичтер; таблеткалардагы же окшош формадагы же таңгактагы, брутто салмагы 10 кг ашпаган ушул топтогу товарлар: |
| 3105 20 | -үч азыктандыруучу элемент: азот,фосфор жана калий камтылган минералдык же химиялык жер семирткичтер: |
| 3105 20 100 0 | Кургак суусуз продуктуга эсептегенде 10 мас. % дан ашык азоту бар |
| 3105 20 900 0 | башкалар |
| 3105 30 000 0 | -диаммоний-суутек фосфаты (диаммоний фосфаты) |
| 3105 40 000 0 | -аммоний дисуутек фосфаты (моноаммоний фосфаты) жана анын диаммоний суутек фосфаты (диаммоний фосфаты) менен аралашмалары |
| | -эки азыктандыррууучу элемент: азот жана фосфор камтылган минералдык же башка химиялык жер семирткичтер: |
| 3105 51 000 0 | нитраттар жана фосфаттар камтылган |
| 3105 59 000 0 | башкалар |

Кыргыз Республикасынын
Айыл чарба Министри

А.С. Джаныбеков
2022-ж “__”__________

| | |
|---|---|
| 3105 60 000 0 | -эки азыктандыррuучу элемент: фосфор жана калий камтылган минералдык же башка химиялык жер семирткичтер |
| 3105 90 | -башкалар |
| 3105 90 200 0 | кургак суусуз продуктуга эсептегенде 10 мас.% дан ашык азоту бар |

Эскертүү:
1) ТЭИ ТН кодун, ошондой эле жер семирткичтердин аталыштарын да жетекчиликке алуу зарыл;
2) Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн органикалык, биоорганикалык жана органикалык минералдык жер семирткичтердин экспортуна төмөнкүлөрдүн негизинде уруксат берилет:
– ташып чыгуучу товардын ар бир партиясына карата Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги тарабынан берилүүчү экспорттун максатка ылайыктуулугу жөнүндө жана ушул товарлардын номенклатурасы, саны, наркы, ошондой эле ташып чыгуучу уюмдар жөнүндө маалымат камтылган корутунду;
– товардын Кыргыз Республикасында чыгарылгандыгы жөнүндө сертификат.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба Министри

А.С. Джаныбеков
2022-ж “__”__________